**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯ**

**ОБРАЗОВАНИЕ И ИННОВАЦИИ**

**EDUCATION AND INNOVATION**

***Мамытов Абакир,***
***педагогика илимдеринин доктору, профессор,***
***Кыргыз билим берүү академиясы,***
***Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,***
***E-mail: mamytovabakir@gmail.com***

# БАШТАЛГЫЧ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ДЕНЕ ТАРБИЯ САБАГЫНЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ МУГАЛИМДЕРДИН КӨЗ КАРАШЫ МЕНЕН (1-2-класстардын мисалында)

***Мамытов Абакир,***
***доктор педагогических наук, профессор,***
***Кыргызская академия образования,***
***Кыргызская Республика, город Бишкек,***
***E-mail: mamytovabakir@gmail.com***

# ЭФФЕКТИВНОСТЬ УРОКОВ ФИЗИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ В НАЧАЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ С ТОЧКИ ЗРЕНИЯ УЧИТЕЛЕЙ (на примере 1-2 классов)

***Mamytov Abakir,***
***Doctor of Pedagogical Sciences, Professor,***
***Kyrgyz Academy of Education,***
***Kyrgyz Republic, Bishkek city,***
***E-mail: mamytovabakir@gmail.com***

# THE EFFECTIVENESS OF PHYSICAL EDUCATION LESSONS IN PRIMARY EDUCATION FROM THE POINT OF VIEW OF TEACHERS (using the example of grades 1-2)

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз Республикасында мектептик билим берүү системасынын 12 жылдык моделге өтүүсүнө байланыштуу 1–2-класстардагы дене тарбия сабагынын натыйжалуулугу мугалимдердин көз карашы жана педагогикалык байкоо негизинде талданды. Мурдагы тажрыйбадан айырмаланып, билим берүү баскычтары өзгөрүп, окуучуларды 6 жаштан окутуу киргизилип, окутуу процессине жаңы мазмун сунушталган. Изилдөөдө жаңы окуу программасынын мазмуну, анын окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкештиги, натыйжалуу бөлүмдөрү жана мазмундук линиялары, күтүлгүчү натыйжаларда байкала баштаган тенденциялар, ошондой эле ишке ашыруу шарттары жана көйгөйлөр боюнча алгачкы илимий жыйынтыктар берилди.*

***Аннотация:*** *В статье проанализирована эффективность уроков физической культуры в 1–2 классах в условиях перехода системы школьного образования Кыргызской Республики на 12-летнюю модель. В отличие от предыдущего опыта, изменились уровни образования: обучение начинается с 6 лет, а также внедрено новое содержание учебного процесса. Исследование основано на мнении учителей и результатах педагогического наблюдения. Представлены первые научные данные о содержании новой учебной программы, её соответствии возрастным особенностям учащихся, наиболее эффективных разделах и содержательных линиях, а также о тенденциях, проявляющихся в ожидаемых результатах, условиях реализации и проблемах.*

***Annotation****: The article analyzes the effectiveness of physical education lessons in grades 1–2 in the context of the transition of the school education system of the Kyrgyz Republic to a 12-year model. Compared to the previous system, the levels of education have changed, schooling begins at the age of six, and new content has been introduced into the educational process. The study is based on teachers' perspectives and pedagogical observation. It presents initial scientific findings on the content of the new curriculum, its alignment with students' age characteristics, effective sections and content lines, as well as emerging trends in expected learning outcomes, implementation conditions, and challenges.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *дене тарбия, жаңы программа, мазмундук линиялар, күтүлүүчү натыйжалар, ишке ашыруу шарттары, көйгөйлөр.*

***Ключевые слова:*** *физическое воспитание, новая программа, содержательные линии, ожидаемые результаты, условия реализации, проблемы.*

***Key words:*** *physical education, new curriculum, content lines, expected learning outcomes, implementation conditions, challenges.*

**Киришүү.** Кыргыз Республикасында 2025-2026-окуу жылынан тартып 12 жылдык жалпы билим берүү системасына өтүү башталды. Расмий тартипке ылайык мазмундук жаңылануу этап-этабы менен жүргүзүлүүдө. Мурдагы 11 жылдык билим берүү моделинен айырмаланып, башталгыч билим берүү 1–6-класстарда, негизги билим берүү 7–9-класстарда жана жалпы орто билим берүү 10-12-класстарда ишке ашырылат. Тийиштүү ченемдик-укуктук актылар Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан иштелип чыгып, мамлекеттик башкаруу органдары тарабынан расмий бекитилген [1]. Билим берүүдөгү күтүлүүчү натыйжаларды критериалдык негизде баалоо сунушталып, беш баллдык баалоо системасы 4-класстан баштап колдонулат. Ал эми башталгыч мектептин 1-3-класстарында окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо педагогикалык байкоого өзгөчө басым жасалат [2].

Жаңылануунун биринчи этабында жаңы мазмун 1-2, 5 жана 7-класстарда киргизилди. Жогоруда белгиленген өзгөрүүлөр башталгыч мектептеги дене тарбия сабагынын натыйжалуулугун мугалимдер кандай кабыл алып жатканын изилдөөнү актуалдуу кылат [3]. Бул контекстте окуу программасынын мазмуну, максаты, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкештиги, натыйжалуу бөлүмдөрү жана мазмундук линиялары, ошондой эле окуучулардын жетишкендиктериндеги жана дене тарбия сабагына болгон кызыгуусундагы тенденциялар мугалимдердин көз карашында талдоону талап кылат. Мындан тышкары, билим берүү уюмдары тарабынан жаңы мазмунду ишке ашыруу шарттарынын деңгээлин аныктоо да маанилүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** – башталгыч мектептеги дене тарбия предметинин мазмундук жаңылануусунун жана окутуу процессинин натыйжалуулугун мугалимдердин көз карашына таянып аныктоо, ошондой эле алынган маалыматтардын негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Изилдөөнүн объектиси – 1-2-класстардагы дене тарбия процесси. Изилдөөнүн предмети – дене тарбия мугалимдеринин окуу программасына карата пикирлери жана

аны ишке ашыруудагы алгачкы натыйжалардын мүнөздөмөсү.

**Изилдөөдө төмөнкү методдор** колдонулду:

- ченемдик-укуктук документтерди талдоо;
- анкеталык сурамжылоо;
- педагогикалык байкоо.

**Изилдөөнүн этаптары.** Изилдөө үч этапта жүргүзүлдү:

Биринчи этапта ченемдик-укуктук актылар аныктаган жаңы талаптар жалпыланып, анкеталык сурамжылоонун мазмуну жана педагогикалык байкоонун схемасы иштелип чыкты. Экинчи этапта анкеталык сурамжылоо жана педагогикалык байкоолор жүргүзүлдү. Үчүнчү этапта алынган маалыматтар талданып, жалпыланып, илимий корутундулар чыгарылып, практикалык сунуштар иштелип чыкты.

**Анкеталык сурамжылоо.** Анкеталык сурамжылоо жабык жана ачык типтеги суроолорду камтыды. Анкетанын киришүү бөлүгүндө мугалим тууралуу маалыматтар топтолду; негизги бөлүгүндө окуу программасынын мазмуну, максатынын тактыгы, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкештиги, натыйжалуу бөлүмдөрү жана мазмундук линиялары бааланды; ошондой эле окуучулардын дене-бой жактан өнүгүүсү, физикалык даярдыгы, кыймыл-аракет көндүмдөрүнүн калыптанышы жана сабакка болгон кызыгуусу атайын шкала боюнча аныкталды; мындан тышкары окуу программасын ишке ашыруу шарттарына (материалдык-техникалык базасына жана дене жүктөмүнө) баа берилди; жыйынтыктоочу бөлүктө дене тарбия процессин жакшыртуу боюнча сунуштар чогултулду. Сурамжылоо 2026-жылдын март айында Google платформасы аркылуу жүргүзүлүп, ага республиканын ар кайсы аймактарында иштеп жаткан 502 дене тарбия мугалими анонимдүү түрдө катышты.

Педагогикалык байкоо. Педагогикалык байкоо алдын ала иштелип чыккан схема боюнча жүргүзүлдү. Байкоодо төмөнкү параметрлер каралды:

- сабактын мазмунунун жаңы программага шайкештиги;
- мугалимдин колдонгон окутуу методикасы;
- окуучулардын активдүүлүгү жана кызыгуусу;
- калыптандыруучу баалоонун колдонулушу.

Баалоо 3 баллдык шкала боюнча жүргүзүлдү:

- «ооба» – 2 балл;
- «жарым-жартылай» – 1 балл;
- «жок» – 0 балл.

Жыйынтык баллдар боюнча деңгээлдер төмөнкүдөй аныкталды:

- 24–32 балл – жогорку деңгээл;
- 9–23 балл – орто деңгээл;
- 1–8 балл – төмөн деңгээл.

Байкоо учурунда мугалимдер менен аңгемелешүү жүргүзүлүп, сабактагы кыйынчылыктар да такталды. Байкоолор 2026-жылдын февраль айында Бишкек шаарынын № 5, № 17, № 37, № 60, № 62 жана № 69 мектептеринде жүргүзүлдү.

**Негизги мазмун:** Мамлекеттик жалпы билим берүү стандартын, предметтик стандартты жана окуу программасын талдоо дене тарбия предмети боюнча 1-2-класстардагы мазмундук жаңылануунун төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрүн белгилөөгө негиз берди [4].

Биринчиден, предметтин концептуалдык негиздери өзгөртүлүп, жаңы методологиялык мамилелерди колдонуу жана күтүлүүчү натыйжа катары предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу зарылдыгы белгиленген.

Экинчиден, дене тарбия предметинин мазмундук линиялары так аныкталып, аларды ишке ашыруунун методдору, технологиялары жана окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо ыкмалары сунушталган. Бул талаптарды мугалимдер тарабынан практикалык деңгээлде ишке ашыруу зарылдыгы белгиленет.

Үчүнчүдөн, дене тарбия сабагынын натыйжалуулугун камсыз кылуу максатында окутуу процессин ресурстук жактан камсыздоонун минималдык талаптары иштелип

чыгып, алар предметтик стандартта бекитилген жана билим берүү уюмдарынын администрациясына милдеттендирилген [5–7].

Максаттык деңгээлде дене тарбия предмети окуучунун негизги баалуулуктарын, компетенттүүлүктөрүн жана инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталган. Ал кыймыл-аракет фондун байытууну, дене-бой жактан жетилишин, жалпы физикалык даярдыгын жакшыртууну жана сергек жашоо образын калыптандырууну көздөйт. Бул максатка жетүү үчүн дене тарбия сабагында билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк милдеттер комплекстүү түрдө чечилет.

Методологиялык деңгээлде төмөнкү принциптерди колдонуу сунушталат:

- окуучуга жекече мамиле кылуу;
- системалуу иш алып баруу;
- теория менен практиканы айкалыштыруу;
- коопсуздукту камсыздоо;
- ден соолукту чыңдоо;
- улуттук кыймылдуу оюндарды окутуунун каражаты катары колдонуу.

Бул ыкмалар окуучуларда негизги баалуулуктарды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

Мазмундук деңгээлде окуучулардын:

- кыймыл-аракет фондун байытуу;
- дене-бой жактан жетилишин камсыз кылуу;
- физикалык даярдыгын калыптандыруу;
- негизги билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүү негизги багыт катары каралат.

Мындан тышкары, дене тарбия процесси окуучуларда чынчылдыкты, жоопкерчиликти, өз ара колдоону жана мелдеш маданиятын калыптандырууга багытталат.


Күтүлүүчү натыйжалар дене тарбия предметинин окуу программасында эки негизги бөлүк аркылуу ишке ашырылат: 1) кыймыл-аракетке үйрөтүү; 2) физикалык сапаттарды өнүктүрүү. Биринчи бөлүктө негизги гимнастика элементтери, эстафеталар, улуттук кыймылдуу оюндар, жүгүрүү жана секирүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн түрлөрү колдонулат. Экинчи бөлүктө негизги физикалык сапаттар (күч, ылдамдык, ыкчамдык, чыдамкайлык, ийилчээктик) өнүктүрүлөт.

Окуу программасында базалык (48 саат) жана вариативдик (20 саат) бөлүктөр каралган. Жалпы жылдык (68 саат) жана жумалык (2 саат) дене тарбия сабагын өткөрүү сунушталган. Базалык бөлүктү аткаруу милдеттүү, ал эми вариативдик бөлүк мугалим тарабынан мектептин шарттарына жараша иштеп чыгуу шарты киргизилген. Вариативдик бөлүктүн мазмуну материалдык-техникалык базанын, кадрдык камсыздоонун, регионалдык өзгөчөлүктөрдүн жана окуучулардын кызыгууларын эсепке алуу менен иштелип чыгат.

**Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктары.** Анкеталык сурамжылоонун жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгү жетиштүү деп бааланат. Себеби, сурамжылоого 502 мугалим катышкан. Алардын 51,2% атайын жогорку дене тарбия адистигине, 45% – педагогикалык билимге ээ, ал эми 3,8% – студенттер. Педагогикалык стажы боюнча: 59,2% – 7 жылдан жогору, 16,1% – 4–7 жыл, 18,9% – 1–3 жыл жана 5,8% – 1 жылдан аз тажрыйбага ээ. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин 66,5% 1–2-класстар менен туруктуу иштейт.


Мазмундук баалоо боюнча жыйынтыктар төмөнкүлөрдү көрсөттү:

Окуу программасынын мазмуну жана максаты 42,6% – «абдан так», 33,2% – «так» жана 17,5% – «орточо» деп бааланды (1-сүрөт). Демек, дене тарбия мугалимдери жаңыдан сунушталган программанын мазмунун жана максатын жетиштүү деңгээлде түшүнүү менен кабыл алышты деген тыянакка келсек болот.




*1-сүрөт. Программанын мазмунун жана максатын баалоо*

Ушундай эле тартипте программанын окуучулардын жаш-курактык өзгөчөлүктөрүнө канчалык деңгээлде ылайык келери такталды. Сурамжылоого катышкандардын 33,0% аталган жагдайды беш, 36,8% төрт, 18,9% үч деген баа коюшса, 8,3% эки жана 3,0% бир балл менен баалашты (2-сүрөт). Биздин оюбузча, беш жана төрт балл менен баалоонун жалпы суммасы жетишээрлик жогору (69,8%) жана дээрлик көпчүлүк мугалимдердин пикири оң экендигин күбөлөндүрөт.




*2-сүрөт. Программанын мазмунунун окуучулардын жаш-курактык өзгөчөлүктөрүнө канчалык ылайык келерин баалоо*

Бирок, мугалимдердин 8,3% эки, ал эми 3% бир балл менен баалашы кошумча инструменталдык-диагностикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу медициналык-биологиялык багыттагы изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт.

Программанын кайсы бөлүмдөрү (кыймыл-аракетке үйрөтүү, физикалык сапаттарды өнүктүрүү) жана алар камтыган мазмундук линиялар эң натыйжалуу экендигин аныктоо максатында мугалимдерге анкетада бир нече вариантты белгилөө сунушталды. Натыйжада дене тарбия сабагынын эң натыйжалуу бөлүмү катары кыймыл-аракетке үйрөтүү бөлүмү (60,8%) белгиленди (3-сүрөт).





*3-сүрөт. Программанын бөлүмдөрүнүн жана мазмундук линиялардын натыйжалуулугу*

Аталган бөлүмдүн мазмундук линияларынын ичинен эң натыйжалуу каражат катары улуттук кыймылдуу оюндар биринчи орунду ээледи (74,6%). Бул жыйынтык программаны иштеп чыгууда аталган багытка басым жасоо туура болгондугун тастыктайт. Андан кийинки орундарды эстафеталар (54,7%), жүгүрүүнүн жана секирүүнүн жеңилдетилген түрлөрү (45,1%), ошондой эле негизги гимнастиканын элементтери (35,2%) ээледи. Ал эми физикалык сапаттарды өнүктүрүү бөлүмүн натыйжалуу деп баалагандардын үлүшү 39,0% түздү. Бул көрсөткүч мугалимдердин көпчүлүгү окуучулардын кыймыл-аракет маданиятын калыптандырууга артыкчылык берерин көрсөтөт. Жалпы физикалык сапаттарды өнүктүрүү боюнча мугалимдердин пикирлери төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: чыдамкайлыкты өнүктүрүүнү маанилүү деп эсептегендер – 41,2%, ыкчамдык – 37,0%, ылдамдык – 36,8%, ийилчээктик – 32,0%, ал эми күч сапатын белгилегендер – 25,2%.

Алынган жыйынтыктар мугалимдердин теориялык-методикалык түшүнүктөрүндө белгилүү деңгээлде көйгөйлөр бар экенин көрсөтөт. Тактап айтканда, чыдамкайлык сапатын өнүктүрүү физиологиялык жактан олуттуу дене жүктөмүн талап кылгандыктан, 6-7 жаштагы окуучулар үчүн аны артыкчылык берүү эрте экендиги белгилүү.

1–2-класстардагы дене тарбия сабагында күтүлүүчү натыйжаларды баалоо негизинен педагогикалык байкоого таянары жогоруда белгиленген. Ушуга байланыштуу, изилдөөдө күтүлүүчү натыйжалар катары окуучулардын дене-бой жактан жетилишин, жалпы физикалык даярдыгын, кыймыл-аракет көндүмдөрүнүн калыптанышын жана дене тарбия сабагына болгон кызыгуусун (мотивациясын) анкеталык сурамжылоонун алкагында бирдей тартипте баалоо аракети жүргүзүлдү. Бул максатта мугалимдерге төмөнкү баалоо категориялары сунушталды: «олуттуу жакшыруу», «орточо жакшыруу», «өзгөрүү жок», «төмөндөө». Сурамжылоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, окуучулардын дене-бой жактан өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөрдү мугалимдердин 65,3% «орточо жакшыруу» деп баалашса, 31,0% «олуттуу жакшыруу» деп белгилешкен. Ал эми 2,6% «өзгөрүү жок», 1,2% «төмөндөө» деген жоопторду беришкен (4-сүрөт).


3. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо / Оценка образовательных достижений учащихся 3.1. Окуучулардын дене-бой өнүг... вы улучшение физического развития учащихся?
504 ответа




*4-сүрөт. Окуучулардын дене бой жактан жетишкендиктерин баалоо*

Окуучулардын жалпы физикалык даярдыгындагы «орточо жакшыруу» дегендер 65,3%, «олуттуу жакшыруу» дегендер 31,9%, «өзгөрүү жок» дегендер 1,4% жана «төмөндөө» дегендер 1,4% түздү (5-сүрөт).


3.2. Окуучулардын жалпы физикалык даярдыгынын жакшыруусун байкайсызбы? / Наблюдаете ли вы улучшение общей физической подготовленности учащихся?
504 ответа




*5-сүрөт. Окуучулардын жалпы физикалык даярдыгындагы жетишкендиктерди баалоо*

Окуучулардын кыймыл-аракет фондунун жакшыруусун баалоо төмөндөгүдөй мүнөздөлдү: «орточо жакшыруу» 63,7%, «олуттуу жакшыруу» 30,2%, «өзгөрүү жок» 4,6% жана «төмөндөө» 1,6% учурда белгиленди (6-сүрөт).


3.3. Окуучулардын жалпы кыймыл аракет фондунун жайшыруусун байкайсызбы? / Наблюдаете ли вы улучшение фонда общей двигательной подготовленности учащихся?
504 ответа




*6-сүрөт. Окуучулардын кыймыл-аракет фондунун калыптанышын баалоо*

Окуучулардын дене тарбия сабагына болгон кызыгуусун калыптандыруу маанилүү күтүлүүчү натыйжа катары эсептелди жана аны баалоонун жыйынтыктары төмөнкүлөрдү көрсөттү. Кызыгуунун «абдан жогору» болгондугун 75,4%, «жетиштүү» экендигин 23,2%, «өзгөрүү жоктугун» 0,8% жана «төмөндөшүн» 0,4% мугалимдер белгилешти (7-сүрөт). Бул абдан баалуу көрсөткүч экендигин жана аны мындан ары да жакшыртуу аракетинде болуу зарылдыгын белгилейбиз.

3.4. Балдардын дене тарбия сабагына болгон кызыгуусу кандай? / Какова мотивация детей к занятиям физической культурой?
504 ответа




*7-сүрөт. Окуучулардын дене тарбия сабагына карата кызыгуусун (мотивациясын) баалоо*

Дене тарбия сабагынын жаңы программасы жана мугалимдер тарабынан колдонулган ыкмалар окуучулардын дене-бой жактан өнүгүүсүнө, жалпы физикалык даярдыгына жана кыймыл-аракет көндүмдөрүнүн калыптанышына негизинен орточо деңгээлде оң таасир тийгизгендиги тууралуу тыянак чыгарууга негиз берет. Ал эми дене тарбия сабагына болгон кызыгуунун жогорку деңгээлде калыптанышы маанилүү педагогикалык натыйжа катары бааланат.

Анкетанын акыркы үч суроосу дене тарбия программасын ишке ашыруу шарттарын, дене жүктөмүнүн ылайыктуулугун баалоону жана жеке тажрыйбага негизделген практикалык сунуштарды аныктоону максат кылды.

Биринчи суроодо мугалимдерге «ооба», «жарым-жартылай» жана «жок» жооп варианттарынын бирин тандоо сунушталды. Экинчи суроодо 1ден 5ке чейинки баалоо шкаласы колдонулду. Үчүнчү суроого респонденттер эркин форматта жооп беришти.

Натыйжада төмөнкү жыйынтыктар алынган. Окуу программасын ишке ашыруу шарттары боюнча мугалимдердин 54,6% «жарым-жартылай түзүлгөн», 28,0% «жетиштүү», ал эми 17,5% «жок» деп баалашкан (8-сүрөт). Бул көрсөткүчтөр ар бир алтынчы мугалим дене тарбия сабагын өткөрүү үчүн тийиштүү шарттардын жок экенин, ал эми мугалимдердин олуттуу бөлүгү шарттар жарым-жартылай гана камсыздалганын белгилегенин көрсөтөт. Аталган жагдай дене тарбия сабагынын сапатына терс таасир тийгизүүчү фактор катары бааланат.

Дене тарбия сабагы боюнча предметтик стандартта каралган ресурстук камсыздоо талаптарынын билим берүү уюмдары тарабынан толук аткарылышын камсыз кылуу жана бул багыттагы иштерди күчөтүү зарылдыгы белгиленет.




*8-сүрөт. Программаны ишке ашыруу шарттарын баалоо*

Окуу программасында сунушталган дене жүктөмүнүн 1–2-класстардын окуучуларына ылайыктуулугун баалоо боюнча мугалимдердин пикирлери төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү: 26,2% – беш балл, 32,7% – төрт балл, 20,6% – үч балл, 12,5% – эки балл жана 7,9% – бир балл (9-сүрөт). Алынган жыйынтыктар окуу программасында каралган дене жүктөмү мугалимдердин көз карашында негизинен ылайыктуу экендигин көрсөтөт. Ошол эле учурда, бул маселени тактоо үчүн инструменталдык ыкмаларды колдонуу менен кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү зарыл экендиги белгиленет.




*9-сүрөт. Программада каралган дене жүктөмүнүн окуучуларга карата ылайыктуулугун баалоо*

**Педагогикалык байкоонун жыйынтыктары.** Педагогикалык байкоолордун жыйынтыктарынын негизинде төмөнкү тыянактар белгиленет. 1–2-класстардагы дене тарбия сабактары негизинен жаңы стандарттын жана календардык-тематикалык пландардын негизинде өткөрүлүп жатканы тастыкталды. Мисалы, № 17 мектепте өткөрүлгөн сабактардын (А.М. Даньшин) мазмуну, уюштурулушу жана натыйжалуулугу жогорку деңгээлде экендиги белгиленет. Окуучулардын саны көп болгонуна карабастан (44 окуучу), спорттук залдын шарттары, мугалимдин жогорку кесиптик билими жана иш тажрыйбасы сабактын сапаттуу өтүлүшүн камсыз кылган.

Ошол эле учурда сабактарды өткөрүү үчүн тийиштүү шарттар жетишсиз болгон учурлар да аныкталды. Мисалы, № 69 мектепте тар залда бир убакта эки класстын (1 жана 2-класстар) 68 окуучусу менен сабак өткөрүлгөн. Бул жагдай окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу тийиштүү педагогикалык натыйжаларды камсыз кылууну кыйындатат. Мугалимдин (Ш. Калыков) жогорку адистик даярдыгы жана көп жылдык тажрыйбасы белгиленгени менен, материалдык шарттардын чектелгендиги окутуунун сапатына таасир этери байкалат.

Мугалимдердин жетишсиздигине байланыштуу жогорку окуу жайлардын студенттерин сабакка тартуу аракеттери да бардык учурда натыйжалуу болбой жаткандыгы аныкталды. Мисалы, №37 мектепте студент тарабынан өткөрүлгөн сабак методикалык жактан жетишсиз деңгээлде бааланып, жаңы окуу программасы боюнча даярдыктын жоктугу байкалган.

Педагогикалык байкоолордун негизинде төмөнкү **тенденциялар** аныкталды:

Биринчиден, окутуу процессинде дене тарбия көнүгүүлөрүн үйрөтүүдө негизинен салттуу (классикалык) методдор басымдуулук кылат (жупта жана топто иштөө). Санариптик ресурстарды колдонуу дээрлик байкалбайт, ошондой эле мугалимдер тиешелүү техникалык каражаттар менен жетиштүү камсыздалган эмес.

Экинчиден, окуучулардын дене тарбия сабагына болгон кызыгуусу жана активдүүлүгү жогору деңгээлде. Окуучулар тапшырмаларды активдүү аткарып, кыймылдуу оюндарга жана эстафеталарга кызыгуу менен катышышат.

Үчүнчүдөн, дене тарбия сабагында күтүлүүчү натыйжалар негизинен калыптандыруучу баалоо аркылуу аныкталат.

Айрым учурларда окуучуларга өзүн-өзү баалоо элементтери да сунушталат.

Байкоолордун негизинде төмөнкү **көйгөйлөр** аныкталды:

- улуу муундагы тажрыйбалуу мугалимдердин сабактары жогорку деңгээлде бааланса, жаш мугалимдердин методикалык даярдыгы салыштырмалуу төмөн;
- дене тарбия мугалимдеринин жетишсиздиги байкалат, көпчүлүк мугалимдер жогорку жүктөм (1,5 ставка) менен иштешет;
- адистик квалификацияны жогорулатуу системалуу түрдө уюштурулбайт;
- адистиги дал келбеген мугалимдердин сабак өтүү фактылары кездешет;
- бир сабакта бир нече классты бириктирип окутуу кеңири тараган;
- материалдык-техникалык база жетишсиз (инвентарлар, жабдуулар ж.б.).

**Корутунду.**

1. Мугалимдердин басымдуу бөлүгү окуу программасынын мазмунун жана максатын түшүнүктүү деп баалап, анын окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө шайкештигин негизинен оң белгилешти. Эң натыйжалуу бөлүм катары кыймыл-аракетке үйрөтүү (60,8%), өзгөчө улуттук кыймылдуу оюндар (74,6%) жогору бааланды. Окуучулардын өнүгүүсүнө тийгизген таасири орточо деңгээлде (дене-бой өнүгүүсү, физикалык даярдык, кыймыл-аракет көндүмдөрү), ал эми сабакка болгон кызыгуу жогорку деңгээлде экендиги аныкталды.

2. Педагогикалык байкоолор дене тарбия сабактары жаңы программага ылайык өткөрүлүп жатканын, окуучулардын активдүүлүгү жогору экенин жана калыптандыруучу баалоо колдонулуп жатканын көрсөттү.

3. Негизги көйгөйлөр катары материалдык-техникалык базанын жетишсиздиги, мугалимдердин тартыштыгы, квалификацияны жогорулатуу иштеринин системасыздыгы, ошондой эле бир нече классты бириктирип окутуу практикасы белгиленди. Бул маселелерди чечүү дене тарбия сабагынын сапатын жогорулатуу үчүн маанилүү шарт болуп саналат.

***Адабияттар:***


1. Программа по трансформации системы образования Кыргызской Республики «Алтын Казык» (25 февраля 2025). Распоряжение Кабинета Министров Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/44-153/edition/28275/ru.
2. Концепция перехода на двенадцатилетнее школьное образование (30 октября 2024). Постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики: [Электронный ресурс] https://edu.gov.kg/posts/3614/
3. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 14.03.2015 жылдагы № 131 токтому [Электронный ресурс]: https://cbd.minjust.gov.kg/65-82/edition/29059/ru.
4. Предметные стандарты и учебные программы по физической культуре / А. Мамытов, Ж. Абдрахманов, Н. Бектурганова, Окен уулу Шумкарбек // Кыргызская академия образования. – Бишкек, 2025.
5. Мамытов А. Основные идеи, заложенные в предметные стандарты по физической культуре нового поколения в Кыргызской Республике, пути их реализации // Вестник физической культуры и спорта. // Кыргызская академия физической культуры и спорта имени Б.Т. Турусбекова, № 1 (31). – Бишкек, 2023. – С. 100-105.
6. Мамытов А. Кыргызстандагы мектептик билим берүүнүн максаты, модели жана мазмунун эволюциясы: ченемдик-укуктук жана илимий аналитикалып сереп // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек, 2025. – № 3 (67). – С. 4-13.
7. Мамытов А. Мектептик билим берүүнү 12 жылдык билим берүүгө трансформациялоо. – Бишкек: Полиграфбумресурсы, 2026. – 100 б.